# Алла Таала менден мурда жиберген бардык пайгамбарлардын үммөтүндө анын сүннөтүн карманып, буйругун аткарган өзгөчө жакын чөйрөсү жана жолдоштору болгон

Абдуллах бин Масуд (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Алла Таала менден мурда жиберген бардык пайгамбарлардын үммөтүндө анын сүннөтүн карманып, буйругун аткарган өзгөчө жакын чөйрөсү жана жолдоштору болгон. Андан кийин алардын артынан кылбаган нерсени кылдым деп, буйрулбаган нерсени аткарган адамдар чыккан. Мындай адамдарга каршы колу менен күрөшкөн – ыймандуу, тили менен күрөшкөн – ыймандуу. Кимде-ким аларды жүрөгү менен (жек көрүп) каршы болсо, ал да ыймандуу. Мындан кийинкилеринде сары кычынын данындай да ыйманы болбойт".

[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип кабарлаган: Алла Таала андан мурда жиберген бардык пайгамбарлардын үммөтүнүн арасында ал өткөндөн кийин анын ордун басууга татыктуу, ыкластуу мужахиддер жана тандалган жардамчылары болгон. Алар пайгамбарынын сүннөтүн карманган, буйругун аткарган. Бул ыймандуу, салихтерден кийин эч кандай жакшылыгы жок адамдар чыккан. Алар өздөрү кылбаган иштерди айтышат, буйрулбаган ишти кылышат. Кимде-ким ошолорго каршы колу менен жихад кылса, ал ыймандуу болот. Кимде-ким колу менен жихад кыла албай, бирок тили менен аларга каршы сүйлөп жихад кылса, ал да ыймандуу. Кимде-ким тили менен да айта албай, бирок жүрөгү менен аларды жек көрсө, ал да ыймандуу. Ал эми жүрөгү менен жек көрө албай, аларга ыраазы болгондордун жүрөгүндө сары кычынын данындай да ыйманы болбойт.

https://sunnah.global/hadeeth/ky/show/3480